**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Isкhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Isкhak_polothan@mail.ru

---

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги отузунчу сессиясы**

**22.09. 2023-жыл.** **ТОКТОМ № 96** **Жениш айылы.**

**Жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүү жана Элдик курултайга делегаттарды шайлоо жөнүндө**

Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезектеги отузунчу сессиясына сунушталган маселелерди талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы “Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндөгү” №215- Жарлыгын аткарууга алуу максатында айылдык кеңештин сессиясы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы “Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндөгү” №215- Жарлыгы аткарууга алынсын.

2. Исхак-Полотхан айыл аймагында жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынын өткөрүү 2023-жылдын 18-ноябрына дайындалсын.

3. Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүүгө жооптуулар №1 тиркемеге ылайык, жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйындарын уюштуруу тобунун курамы №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Жергиликтүү курултайды өткөрүү жана уюштуруу тобуна шарттарды түзүү, өткөрүлүүчү жай жана материалдык жактан камсыздоо жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) жүктөлсүн.

4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

Төрага Кожонов З.Ы.

Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин
22.09.2023-жылдагы №96 токтомуна
№1 тиркеме.

**Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүүгө жооптуулар**

Төрага: Кожонов З.Ы. –айылдык кеңештин төрагасы;

Мучөлөрү

-Камилжанов Э. –айылдык кеңештин депутаты;

-Раззамова М. –айылдык кеңештин депутаты;

-Тешебаев К. –айылдык кеңештин депутаты;

-Коймуратова А. –айылдык кеңештин депутаты;

-Сатыбалдиев А. –айылдык кеңештин депутаты;

-Жороев И. –айылдык кеңештин депутаты;

-Турдукулова А. –айылдык кеңештин депутаты;

-Жороев Т.- -айылдык кеңештин депутаты

-Абдурасулов Т. -. айылдык кеңештин депутаты

-Орозбаева Д.- айылдык кеңештин депутаты;

Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин
22.09.2023-жылдагы №96 токтомуна
№2 тиркеме.

**Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйындарын, жана Элдик курултайга делегаттарды шайлоону уюштуруу тобунун курамы**

Төрага: Кожонов З.Ы. –айылдык кеңештин төрагасы;

Катчы: Шакиров О.-айылдык кеңештин жооптуу катчысы;

Мучөлөрү :

Сабыржанова М. -Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы;

Арапов А.: Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн айыл өкмөтүнүн адиси;

Абдусамат уулу А. Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн айыл өкмөтүнүн адиси;

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Isкhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Isкhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги отузунчу сессиясы**

**22.09. 2023-жыл. ТОКТОМ № 97 Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагында жерлердин бир түрүнөн башка категорияга которуу жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын жетинчи чакырылыш кезектеги отузунчу сессиясына сунушталган маселелерди, айылдык кеңештин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясынын 19.09.2023-жылдагы чечимин, Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 20.09.2023-жылдагы №01-10/784 сунуш катын талкуулап чыгып Исхак-Полотхан айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясынын Гүлдүрөмө айылынан шагыл карьерин ачуу, темир-бетон заводун куруу үчүн А.Апсатаровго 2 га, Э.Кыллановго 2 га, М.Балтабаевге 5 га, №46 жол тейлөө мекмесинине 5 га жалпы 14 га айыл чарбасына жараксыз таштак жайыт жердин багытын өндүрүш аймагына өзгөртүү жөнүндөгү сунушу жактырылсын.

2. Исхак-Полотхан айыл аймагынын Гүлдүрөмө айылынан Ош-Баткен авто жолунун түштүк тарабынан 14 га айыл чарбасына жараксыз таштак жайыт жердин багытын өндүрүш аймагына которуу жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) сунушталсын.

3. Токтомду мыйзамда белгиленген тартипте жетекчиликке алуу Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Дыкановго жүктөлсүн.

3.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

4.Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**
Iskhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Iskhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги отузунчу сессиясы**

**22.09. 2023-жыл.** **ТОКТОМ № 98** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын административдик аймактык түзүлүшү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын жетинчи чакырылыш кезектеги отузунчу сессиясына сунушталган маселелерди талкуулап чыгып, айылдык кеңештин отузунчу сессиясы токтом кылат:

1. Исхак-Полотхан айыл аймагынын административдик аймактык түзүлүшү өзгөртүүсүз калтырылсын.

2. Токтомду мыйзамдарда белгиленген тартипте жетекчиликке алуу Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча комиссиясына жүктөлсүн.

4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**